**Нарын шаарындагы №4 Э.Ибраев атындагы орто мектебинин 8-11-классынын окуучуларынын, ата-энелеринин жалпы чогулушунун**

**№1 Протоколу**

**Саны: 90** 22-сентябрь 2022-жыл

2022-жылдын 22-сентябрь күнү Нарын шаарындагы №4 Э.Ибраев атындагы орто мектебинде 8-11- классынын окуучуларынын ата-энелери менен биргеликте кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча жалпы чогулушу.

**Чогулуштун президиуму:**

1. Нарын ОИИБнын начальниги милициянын полковниги: Жумабеков Алмазбек Артисбекович
2. Нарын ОИИБдин ЖИИнын улук инспектору: Нурманбетов Кутман Моңолдорович
3. Тез чара көрүү отрядынын командири: Нурбек Мукамбеталиев
4. Нарын ШИИБнун ЖИИнин инпектору милициянын капитаны: Токтоматова Гулина Токтоматовна
5. Мектеп директору: Керимбаева Аида Абитовна
6. Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Мамбеталиева Гулзат Бактыназаровна

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу жана ошондой эле зордук – зомбулуктун алдын алуу боюнча ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

**Күн тартибиндеги маселе боюнча чыгып сүйлөгөндөр.**

**Нарын ОИИБнын начальниги милициянын полковниги:** Жумабеков Алмазбек Артисбекович – Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер жана мугалимдер Нарын шаары боюнча 10 күндүк рейд иштери жарыяланган ошол себептен, ата-энеге окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдөбүз. Урматтуу ата-эне балдарыңыздардын келечегине кайдыгер карабаңыздар. Азыркы убакта кылмыштуулук абдан күч алууда ата-эне менен баланын ортосунда сүйлөшүү, мамиле жоктой көрүнөт. Ата-энелер балдары кайда жүрөт, качан келет иши жоктой. Баланын кийимин бүтүн кылып, курсагын тойгузуп бирок, руханий жактан ата-эне тарбия бере албай келет. Азыркы кезде ата-эне мугалимге күнөөнү коюп, балдарга жакшы тарбия бербейт деп келишет. Мугалимдин милдети билим берүү, келечегине жол ачуу. Окуучунун милдети билим алуу ал эми ата-эненин милдети туура тарбия берүү. Бала ата-энени көрүп тарбия алат. Мен келечекке кайдыгер карабайм. Балдарыбыздын арасында жаман нерсе болушун каалабайм. Антыбыз сиздер үчүн, ишибиз сиздер үчүн, сиздердин көйгөйдүү чечүү биздин милдет.

**Нарын ОИИБдин ЖИИнын улук инспектору: Нурманбетов Кутман Моңолдорович** – жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча тийиштүү иш-чаралар жүрүп жатат. Кылмыш кылган жаш өспүрүмдөр 16 жаштан өйдө жоопко тартылат. Эмгекке жашы жете элек кезде иштеген окуучулар да жок эмес. Эгерде жумушка муктаж болуп жатса жумуш берүүчү тарап менен ата-энелер менен бирдикте келишим түзүлүш керек. Эгерде келишим түзүлбөсө, ден соолугуна зыян келген шартта алар жоопкерчиликти албай коюшат, эмгек акыларын да жеп коюшат. Зордук-зомбулук ар кандай адамдар тарабынан болушу мүмкүн, эгерде ошондой учурлар катталса бизге кайрылыңыздар.

**Тез чара көрүү отрядынын командири Нурбек Мукамбеталиев** - Укук бузуу, бири-бирине рэкетчилик кылуу, арак менен тамекини чегип көрү, бул өспүрүм куралтан

башталат. Ошол куракта ден соолугун бузуп, өмүр бою айыкпас ооруга чалдыгат. Урматтуу ата-энелер милдетиңиздерди туура аткарып, балдарыңыздарды экинчи орунга койбоңуздар. Нарын шаарында мигранттардын балдары көбөйдү. Зордук-зомбулуктун алдын алуу керек. Балдар кароосуз калып жатат, балдардын укугун коргоңуздар.

**Нарын ШИИБнун ЖИИнин инпектору милициянын капитаны: Токтоматова Гулина Токтоматовна -** Урматтуу ата-энелер милдеттериңиздерди так аткарбай жатасыздар. Кечинде кеткен бойдон, эртең менен келсе дагы карабайсыздар. Окуучулардын формасы, тартиби абдан начар болууда. Биз 10 күндүк рейд учурунда 20:00дон кийин чыккандарга штраф салынат деп күндө келип айтсак ага карабай эшикке чыгып жүрүшөт. Ата-энелер тарбия бериңиздер телефондон кандай сайтка кирип жатат көңүл буруңуздар. Бир күндөө85жолу жакшы сөз айтып,15 жолу кучактаныздар, тарбия бериңиздер.

**Мектеп директору: Керимбаева Аида Абитовна** -Урматтуу ата-энелер эң биринчи тарбия ата-энеден башталат. Сиздер балдарды мугалимдерге сала бересиздер. Мугалим билим, тарбия берет. Бирок бала ата-энени көрүп тарбияланат. Азыркы убакта окуучу мугалимди сыйлабай тоготпой келүүдө. Анткени ата-эне мугалимге болгон коз карашы начар болууда. Бала мектепке келгенде “ыйык “ жерге келгендей келиш керек. Ата-энелер балдарыңыздарга тарбия бериңиздер . Мугалимдерди сыйлаңыздар.

**Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Мамбеталиева Гулзат Бактыназаровна** -чейректин аягы менен 829 окуучу бар класстар 3төн. Шаар ичинде 10 күндүк рейд жүрүп жатат 20:00 дон кийин эшикке чыкпаш керек деп класстарга кирип айтып жатабыз. ИДН Гулина менен чогу иш алпарабыз. Шаардын учетунда бала жок. Бирок мектеп ичинде 11 окуучуну учетко алдык бири-бирин сабап, темир уурдап кармалгандар бар. Буларды өзүбүздүн профсоюздук уюм кеңешибиз карайт.

**Суроо, жооп ата-энелер: Бакыт Кыдыров** - Урматтуу Алмазбек Артисбекович-Ар бир мектепке бирден ИДН бөлүп берсеңиздер, күн сайын мектепте окуучулар менен болсо жакшы болот эле.

**Нарын ОИИБнын начальниги милициянын полковниги: Жумабеков Алмазбек Артисбекович -** Азыркы рейд учурунда ар бир мектепке бештен инспектор бөлүндү
Ар бир мектепке бирден ИДН бөлүүнү карайбыз

**Мектеп директору Керимбаева Аида Абитовнага**

Мектепке ыйман сабагын киргизүүңүздөрдү сурайбыз,

Мектеп директору - Бул боюнча Нарын шаардык билим берүү бөлүмүө сунуштайлы.

**Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чогулуш**

**токтомкылат:**

1. Кылмыштуулуктун алдын алуу жана зордук-зомбулукту болтурбоо максатында мектепте түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турсун.

(токтом бир добуштан кабыл алынды )

Директор: Керимбаева А.А